УДК 821.512.154

Орозалиев Э.И.

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

# АЙТМАТОВТААНУУ – ДҮЙНӨЛҮК МАСШТАБДАГЫ ИЛИМ

*Макалада Айтматовтаануу илиминин өнүгүү жолу, улуттук адабиятыбыздын кечээгиси жана азыркы учурдагы эстетикалык изденүүлөрү тууралуу кабар берүү менен, анын актуалдуу маселелерин да кандайдыр бир деңгээлде аныктайт.*

Атагы ааламга кеткен даназалуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгын изилдөө бүткүл дүйнөлүк масштабда жүргүзүлүүдө. Анын ичинде Кыргызстанда айтматовтаануу илими пайда болуп, ал ийгиликтүү өнүгүп жатат. Ал тууралуу атайын эмгектер, диссертациялар тынымсыз жазылууда. Акыркы эле эки - уч жыл ичинде А.Садыков менен Ж.Бакашовалардын «Чыңгыз Айтматовдун көркөм дүйнөсү», «Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын стилдик өзгөчөлүктөрү» аттуу китептери жарык көрдү. Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы анын «Жамыйла» аттуу атактуу повести чыккандан бери эле, б.а. 1958-жылдан тарта такай кароолго алынып, изилденип келе жатат. Мындай караганда, 30 жылдан ашуун мезгилден бери тынымсыз жазылып келе жаткан жазуучунун «айдоо аянтында» дагы бороз салынбаган эмне калды дейсин деген суроо табийгый түрдө келип чыгат. Ооба, жалпы планда алганда, Айтматовдун адабий майданы узун, туурасынан дурус эле айдалды деп айтсак болот, бирок айрым бир булуң - бурчтарында бош жерлер дагы эле кездеше берет.

"Айтматов таануу", орусчасы "айтматотововедение" - бул биринчи иретте илимий түшүнүк, илимий термин, экинчиден жазуучунун даңазасына байланыштуулугу да бар. Табият таануу, коом таануу, адабият таануу сыяктуу илимдин көптөгөн тармактары бар. Жалпы, дүйнөлүк адабият таанууда жеке акын-жазуучулардын чыгармачылыгына арналган багыттар бар, мисалы, шекспиртаануу, пушкинтаануу, абайтаануу ж.б. Кыргыз адабият таануу илиминде да мына ушундай багыттагы илим салаалары, мисалы, манастаануу, осмоновтаануу, токомбаевтаануу, сыдыкбековтаануу сыяктуу багыттар пайда болду. Бирок ушулардын ичинде айтматовтаануу өзгөчө орунда турат. Ушул жерде тактап айтып коюучу нерсе - канча таланттуу жазуучу болсо ошончо "таануулар" боло берет экен деп ойлобош керек, "... таануу" - бул өз алдынчалыкка ээ илимий багыт, ушундай укук, даражага жетиш керек. Маселен, кайсы бир жазуучунун чыгармачылыгы боюнча беш-алты адабий талдоочулук макала, бир монография, жыйырма чакты юбилейлик мактоо макалалар же бир диссертация жазылган болсо эле, ал өз алдынча илимий багыт болуп калбайт. Ал үчүн илимий изилдөөлөргө объект катары алынып жаткан нерсе, маселен, биздин улуттук адабият таануу илимибиз боюнча айтсак, А.Осмонов, Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы, көп тармактуу, системалуу илимий изилдөөлөргө негиз, кыртыш болуп берүүгө жарамдуу, бай потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрдү өзүндө кармап туруш керек, изилдөөгө алынып жаткан тармак үчүн аттап өтүүгө мүмкүн болбогон этаптуу көрүнүш болуш керек. Маселен, кайра жаралуу адабиятын, англис адабиятын, драматургиянын тарыхын, дегеле дүйнөлүк адабияттын тарыхын Шекспирсиз элестетүү, окуп үйрөнүү мүмкүн эмес. Ошондой эле Пушкиндин поэзиясыз орус адабиятынын, Абайдын чыгармачылыгысыз казак адабиятынын, Токомбаев, Сыдыкбеков, Осмонов, Айтматовдорсуз кыргыз адабиятынын өнүгүп-өсүш тарыхынын объективдүү картинасын түзүүгө мүмкүн эмес. XX кылым адабиятын, совет адабиятын жана анын көптөгөн спецификалык проблемаларын Айтматовсуз элестетүү, толук кандуу изилдөө мүмкүн эмес.

Албетте, бир эле макала менен Айтматов таануу илими башталбайт. Ошондой болсо дагы ошол алгачкы макаланын салмагынын орду өзүнчө. Чыңгыз Айтматовдун талантынын

күчүн алгачкылардан болуп казак адабиятынын классиги, бийик абройлуу окумуштуу Мухтар Ауэзов көрө билип, Орто Азия адабиятында адамдын жан дүйнөсүн ичкериден аңтарып ачып берген психологдук мыкты жазуучулук сапатын "Жамийла" повестинен байкап, эл аралык басма сөздө алгачкылардан пикир айтып, жаш жазуучуга ак жол каалаган. Бул 1958-жыл болчу. Ошол эле жылы француздун көрүнүктүү жазуучусу Луи Арагон повесть жөнүндө "Махабат тууралуу эң сонун баян" деген макаласын жазып, чыгарманын өзүн француз тилине которуп, ал кийинки жылы Францияда жарык көргөн. Ушундан тартып айтматовтаануунун өнүгүү багыты өз нугуна түшө баштаган. Ауэзов менен Арагондун макалалары Айтматов боюнча кийинки изилдөөлөр үчүн методологиялык багыт, көрсөтмө берген. Анан аны советтик, анын ичинде кыргыз адабиятчылары да улантып кетишти. Айтматовтаануучулардын ичинен: Георгий Гачев жана Кеңешбек Асаналиев. Булар жаштары боюнча да Чыңгыз Айтматов менен жашташ тең курбу адамдар. Алар Айтматовдун чыгармачылыгы менен тааныш болгон убактан баштап аны сүйүп, аздектеп, изилдеп, андагы чеберчиликке байланыштуу мазмундук, көркөм формалык тереңдиктерди ачып, окурмандарга жеткирүүгө өмүр бою кызмат өтөп өтүштү. Г.Гачев 1960-жылы "Жамийла" жөнүндө макала жарыялады, кийин ал кеңейтилип, толукталып 1965-жылы "Любовь, человек, эпоха" деген ат менен китеп болуп басмадан чыкты. 1963-жылы Чыңгыз агайдын басмадан чыккан чыгармалар жыйнагына баш сөз жазды. Ошондон тартып жазуучунун эң соңку "Тоолор кулаганда" романына чейинки бардык чыгармаларын бирин калтырбай окуп, ар бир чыгарма боюнча өзүнүн оригиналдуу, терең, эң сонун ойлорун айтып, жазып келди. Кеңешбек Асаналиев да ошондой, 1956-жылы Жазуучулар союзунун пленумунда кыргыз аңгемелеринин абалы жөнүндө доклад жасап, буга чейин белгисиз жаш калемгер Чыңгыз Айтматовдун "Ак жаан", "Түнкү сугат" деген аңгемелери жөнүндө сөз кылып, анда жаңычыл жакшы көрүнүштөр бар экендигин белгилеген. 1968-жылы "Кыргызстан" басмасынан агайдын чыгармачылыгы жөнүндө "Открытие человека современности" деген китебин чыгарган. Айтматовдун көркөм образдарынын поэтикасы боюнча докторлук диссертация коргоду. Кыргызстанда айтматовтаануу илиминин өнүгүшүнө зор салым кошту. Кыргызстанда Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча биринчи китеп жазган киши Бакен Ашымбаев деген болгон. 1965-жылы басмадан анын "Чыңгыз Айтматов" деген аталыштагы китеби чыккан. Кыргызстандагы айтматовтаануу илимине Абдыкадыр Садыков, Лайли Үкүбаева, Калык Ибраимовдор да өздөрүнүн чоң салымдарын кошушту. Дегеле, өздөрүнүн адабий изилдөөчүлүк иштеринде Айтматовго кайрылбаган Кыргызстанда адабиятчылар сейрек болуу керек.

Георгий Гачев дүйнөлүк адабиятты мыкты билген, күчтүү эрудицияга ээ окумуштуу болгон. Ал жазма маданиятка кеч кошулган элдердин адабиятынын (өз сөзү менен айтканда "ускоренная развития литературы") теориялык-тарыхый маселелерин иликтөөгө кызыккан. Айтматовду сюжеттерди, образдарды дүйнөлүк адабият шедеврлериндеги образ, сюжеттерге салыштырып чечмелегендери өтө кызык. Ал Айтматовдун каармандарынын биз байкабаган бир нече идеялык-көркөмдүк катмарларын, маани-мазмундарын ачып берет. Анын Айтматов жөнүндөгү монографиясынын бири да "Чыңгыз Айтматов. В свете мировой культуры" деп аталат. Ал эми Кеңешбек Асаналиев айтматовдук образдарды улуттук поэтикалык эстетиканын фонунда, эволюциялык планда иликтөөгө алган.

Айтматовтаануу илими Кыргызстандын же мурдагы СССРдин чегинде эле эмес, дүйнөлүк масштабда өнүктү. Чет өлкөлөрдө Айтматовдун чыгармачылыгына системалуу изилдөө жүргүзгөн окумуштуулар бар. Мисалы, немец адабиятчылары Имтрауд Гучке, Фридрих Хитцер, америкалык Жозеф Мазур, кытайлык Пен Мей, түрк адабиятчылары Рамазан Коркмаз, Билге Эржиласун ж.б. Көптөгөн өлкөлөрдө айтматовтаануунун өзүнчө илимий мектептери калыптанды десек да болот. Муну Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын Германиянын адабий сынында изилдениши жөнүндөгү Евгения Шагалованын, англис тилдүү өлкөлөрдө кабылданышы тууралуу Жаркын Рыскулованын,

Кытайда кабыл алынышы Пэн Мэйдин, Түркияда изилдениши боюнча Ахмет Сарыгүлдүн кандидаттык диссертациялары да тастыктап турат. Алардан Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча бир канча жүздөгөн эмгектер жарык көргөндүгү жөнүндө маалымат алууга болот.

Улуу, терең чыгармалар ар бир доор менен кошо, анын өз заманына ылайык проблемалар менен кошо жаңырып, жаңы ой, жаңы идеялар менен байып турат. Мисалы, Шекспир 500 жылдан кийин дагы изилденип, бүгүнкү заманга жараша окурмандардын руханий-эстетикалык талаптарын канааттандырып, ал түгүл үлгү, тарбия берип келе жатат. Ошол сыяктуу Айтматовдун чыгармалары да, Айтматов таануу илими да түбөлүктүү.

Адабияттар:

1. Акматалиев А. Ч.Айтматовдун чыгармачылык жолу. - Фрунзе: Мектеп, 1988 .
2. Акматалиев А. Чингиз Айтматов: жизнь и творчество. - Бишкек: Мектеп, 1991.
3. Бакашова Ж. Стилевое своеобразие произведений Ч.Айтматова. - Бишкек: Кыргызстан, 1998 .
4. Гачев Г. Чингиз Айтматов. - Фрунзе: Адабият, 1989.
5. Үкүбаева Л. Чынгыз Айтматов: эстетика жана улуттук негиз. - Бишкек, 2004.